УДК: 81'271:370.913.3:371.311.5:821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2024.67.06

***Муратов А.Ж.***
*И.Арабаев атындагы КМУ*

***Исакова С.Т.***
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕП МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮНҮН МЕТОДДОРУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада окутуунун методдору тууралуу түшүнүк берилип, кыргыз адабияты сабагында окуучулардын жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүүнүн методдору тууралуу ойлор, сунуштар берилген. Биз сунуш кылган мектепте окуучулардын сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү боюнча методдор эсперименталдык класстарда сынактардан өткөрүлгөн. 5-8-класстардын кыргыз адабиятынан мисалдар алынып, аларда методдор кандай принциптер жана каражаттар менен пайдаланылгандыгы айтылат. Азыркы учурда мамлекеттик тилибизди, айрыкча, иш кагаздарын активдүү пайдалануу зарылчылыгы туулуп, бирок айрым улутубуздун өкүлдөрү кыргыз тилинде сабаттуулук менен сүйлөм түзүп, жаза билүү жагынан жарды деп айтууга негиз бар. Кеп маданияты, жазуу речи жагынан сабатсыздыктын бирден бир себеби, баланын кичинекей кезинен үй-бүлөдө, бала бакчада, мектепте, кийин орто жана жогорку окуу жайларында элдик жомоктордун, ырлардын, дастандардын таасирин аз алгандыгы десек болот.

**Түйүндүү сөздөр:** кеп, кеп маданияты, метод, дидактикалык принциптер, тил байлыктары, оозеки кеп, жазуу кеби, кеп ишмердүүлүгү.

***Муратов А.Ж.***
*КГУ им.И.Арабаева*

***Исакова С.Т.***
*ИГУ им.К.Тыныстанова*

# МЕТОДЫ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ

**Аннотация**

В статье даны представления о методах обучения, даны идеи, рекомендации по методике развития письменной и устной речи, учащихся на уроке кыргызской литературы. В предложенной нами школе в экспериментальных классах были проведены экзамены по методам адаптации, учащихся к речевой и письменной деятельности. На примере уроков кыргызской литературы 5-8 классов рассказывается о принципах и средствах применения методов. В настоящее время существует необходимость активного использования нашего государственного языка, особенно делопроизводства, но есть основания полагать, что некоторые представители нашей нации плохо владеют кыргызским языком, умеют грамотно составлять предложения и писать .Одной из причин неграмотности в области культуры

речи, письменной речи является то, что ребенок с раннего возраста в семье, детском саду, школе, в средних и высших учебных заведениях получает мало влияния на богатый язык народных сказок, песен, дастанов, в том числе национального эпоса “Манас”.

**Ключевые слова:** речь, культура речи, метод, дидактические принципы, языковые ресурсы, устная речь, письменная речь, речевая деятельность.

***Muratov A J.***
*Kyrgyz State University named after Arabaev*

***Isakova S.T.***
*Issyk-Kul State University named after Kasym Tynystanov*

# METHODS OF EDUCATION OF STUDENTS' SPEECH CULTURE

**Abstract**

The article presents ideas about teaching methods, ideas, recommendations on the methodology for the development of written and oral speech of students in the Kyrgyz literature lesson. In our proposed school, exams on methods of adapting students to speech and writing activities were conducted in experimental classes. Using the example of Kyrgyz literature lessons in grades 5-8, the principles and means of applying the methods are described. Currently, there is a need to actively use our state language, especially office work, but there is reason to believe that some representatives of our nation do not speak the Kyrgyz language well, are able to make sentences and write competently. One of the reasons for illiteracy in the field of speech culture and writing is that a child from an early age in the family, kindergarten, school, secondary and higher educational institutions receives little influence on the rich language of folk tales, songs, dastans, including the national epic “Manas".

**Keywords:** speech, speech culture, method, didactic principles, language resources, oral speech, written speech, speech activity.

**Актуалдуулугу.** Ар кандай иштин түпкү натыйжасына жетүү ошол процессти аңдап билүү үчүн тандалган методдорго байланыштуу. Сүйлөө маданиятынын маңызы – сөздөрдү, андан ары жалпы кепти (мейли ал оозеки болсун, жазуу формасында болсун) туура, так, ачык, даана, баарына жагымдуу жана түшүнүктүү кылып айтуу, угуп отурган же окуган кишини өзүнө тартуу. Азыркы учурда көпчүлүк мугалимдер кеп ишмердүүлүгүнүн ар кандай көп жана оптималдуу методдорун колдонууну билишпейт. Биз мына ошол проблемага жардам болсун деген ниетте ушул макаланы жаздык.

**Максаты:** Кеп маданиятын өнүктүрүүдө кыргыз адабияты сабагында колдонулган методдорду конкреттүү мисалдар менен көрсөтүп, алардын колдонулуш учуларын, өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.

**Методдор:** адабияттарга илимий анализ; талдоо; салыштыруу; баалоо.

Кеп маданиятын өздөштүрүүдө ийгиликке жетүүнүн эң башкы булагы – инсандын сөз байлыгы, же адамдын лексикону. Жусуп Мамай «Манастын» 52588 ыр сабынан турган текстинде найзанын эле отуз бир түрүнүн атын атайт (кара тил найза; болот найза; бөрү тил найза; жыгач найза; карагай найза; көмөкөйлүү найза; кыяктуу найза; сыр найза, темир найза ж.б.), ошол отуз бир түр найзанын он төрт түрүн кыргыздар

колдонот да, он жети түрүн кытай, калмак, манжулар алып жүрөт. Демек, «Манас» эпосун айтуучулар өтө бай лексиконду, анын ичинен кыргыздардын гана эмес алардын душмандарына таандык атамаларда алып жүрүүгө тийиш. Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба», Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел» романдарында жазуучулар колдонгон лексика азыркы кыргыз тилин байытуунун да бир каражаты болуп эсептелет. К.Жантөшевдин «Каныбек» романында көпчүлүк кыргыздар колдоно бербеген фразеологиялык түрмөктөр, макал-ылакаптар учурайт.

Окумуштуулардын эсептөөсү боюнча жөнөкөй эле бир адамдын сөздүк кору (запасы) 7 миңден тартып 13 миңге чейин болот. Жазуучулардын чыгармаларын эсептеп чыгышканда орус акындары А.С.Пушкин 21 миң, С.Есенин 19 миң, испан жазуучусу М.Сервантес 17 миң, англис драматургу В.Шекспир 15 миң сөз колдонгон экен. Биздин манасчылар С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин, Жусуп Мамайдын эпосту пайдаланган сөз кору булардан алда канча ашып түшөт. Жазуучулар эл арасында унутулуп калган сөздөрдү таап чыгып, же жаңы сөздөрдү жаратып өздөрүнүн сөз корун да байытат, жалпы эне тилин байытууга да салым кошот.

V-VIII класстарда кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү кандай багыттарда жүрөт: биринчиси, жогоруда айтылгандай окуучунун сөз корун байытууга жардам берет; экинчиден, кептин тазалыгына үйрөтөт, б.а., зарыл эмес сөздөрдү колдонбоого көнүктүрөт; үчүнчүдөн, кептин көркөм, элестүү болушуна шарт даярдайт; төртүнчүдөн, сүйлөп жатканы баары үчүн түшүнүктүү болушуна кызмат кылат; бешинчиден, адабий тилдин нормаларын сактоого үйрөтөт ж.б.

Кеп акыл-эс менен байланыштуу болгондуктан аны курап жатканда адамдын акылы, психологиясы өзгөчө мааниге ээ. Кээде окуучулардын чөйрөсүндө эле балдар бири-бири менен жаргондор, вулгардык сөздөр, варвардык лексика, говордук өзгөчөлүктөр, кесиптик, тарыхый, археикалык сөздөр менен сүйлөгөн болсо башкалар үчүн түшүнүксүз болуп калат, андыктан кайсыл чөйрөдө, кимге, кандай сүйлөө керектигин мугалимдер окуучуларына үйрөтүүлөрү керек.

А.М.Эшиев «Кептин функционалдык-маанилик түрлөрүн үйрөтүү процессинде окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикасы (VI-VII класстар)» деген темадагы (1996) [1] жана В.И.Мусаеванын «Орто мектепте кептин стилдерин окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери» (2008) [2] деген темадагы кандидаттык диссертацияларында кеп маданиятын өркүндөтүүнүн методикасы кыргыз тили сабактарынын мисалында ачып берилген. Булардын теориялык жана практикалык табылгалары адабият сабактарында да пайдаланылат.

V-VII класстарда кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү боюнча айрым методдорун төмөнкү таблицада көрсөттүк.

**Окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү боюнча методдор**

**Оозеки кебинде**

- ар кандай тема боюнча мугалимдин суроолоруна жооп берүү;
- көркөм чыгарманын идеясын, темасын, сюжетин айтып берүү;

**Жазуу кебинде**

- тексттин негизинде дил баян жазуу;
- каармандарын сүрөттөп жазуу;
- бир үзүндү тууралуу жазуу;
- тексттин планын (жөнөкөй жана та-

- чыгарма тууралуу бирөө менен диалог;
- чыгарма тууралуу бирөөлөр менен кеңири баарлашуу;
- чыгарма тууралуу кыска жана кенен баяндап сүйлөө;
- текстти диалог кылып сүйлөө;
- текстти монолог түрүндө сүйлөө ж.б.ар кандай тема боюнча мугалимдин суроолоруна жооп берүү;
- көркөм чыгарманын идеясын, темасын, сюжетин айтып берүү;
- чыгарма тууралуу бирөө менен диалог;
- чыгарма тууралуу бирөөлөр менен кеңири баарлашуу;
- чыгарма тууралуу кыска жана кенен баяндап сүйлөө;
- текстти диалог кылып сүйлөө;
- текстти монолог түрүндө сүйлөө ж.б.

таал) түзүп жазуу;
- макала, доклад жазуу;
- эссе даярдоо;
- чыгармага карата көз карашын чагылдыруу;
- текст боюнча баяндама жазуу;
- сөздүк түзүү;
- тапшырмаларды жазуу ж.б.чыгарма тууралуу бирөө менен диалог;
- чыгарма тууралуу бирөөлөр менен кеңири баарлашуу;
- чыгарма тууралуу кыска жана кенен баяндап сүйлөө;
- текстти диалог кылып сүйлөө;
- текстти монолог түрүндө сүйлөө ж.б-.ар кандай тема боюнча мугалимдин суроолоруна жооп берүү;
- көркөм чыгарманын идеясын, темасын, сюжетин айтып берүү;
- чыгарма тууралуу бирөө менен диалог;
- чыгарма тууралуу бирөөлөр менен кеңири баарлашуу;
- чыгарма тууралуу кыска жана кенен баяндап сүйлөө;
- текстти диалог кылып сүйлөө;
- текстти монолог түрүндө сүйлөө ж.б.

**Сүрөт 1 – Окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү боюнча айрым методдор**

VII класста окутулган Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» повестинин үзүндүсүн окуу процессинде мугалим окуучуларга суроолорду коёт да, балдар аларга оозеки жооп берет. Оозеки жооптордо окуучунун мугалимдин суроосун туура түшүнүүсү, коюлган суроого ылайык жооп бериши, жоопторунун аргументтүүлүгү, сөздөрүнүн даана, так айтылышы, кебинин логикалык ыраатуулугу эске алынат. Муну окуучулардан түзүлгөн атайын комиссия жана адабият мугалими баамдап, баа берип турат.

**Таблица 1 - Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестинин үзүндүсүн негизинде тексти түшүнүү таблицасы**

| № | Багыттоочу суроолор | Окуучунун жооптору |
|---|---|---|
| 1 | Бул чыгарма эмне үчүн «Адам болгум келет» деп аталды, сенин жеке оюң | |
| 2 | Адам болууну ким кандай түшүнөт: атасы жана баласы... Сен ким тараптасың? Эмне үчүн? | |
| 3 | Чыгармадагы совет учурундагы жемкорлук | |
| 4 | Базыл эмнеликтер комузга, комуз күүлөрүнө жакын болгон деп ойлойсуңар? | |
| 5 | Асылбектин тагдырындагы Базылдын ролу ж.б. | |

Ар бир суроого адегенде биринчи, анан экинчи, анын үчүнчү, анан төртүнчү окуучу жооп берүү менен суроонун маңызы ачылат, такталат, натыйжада окуучулардын оозеки сүйлөө кеби, баарлашуу маданияты бир кыйла өркүндөйт.

Окуучулар бул чыгарманын текстинен «кулап калуу», текмат, кары, райФО, када, далис, бир балгам сүт, байып калуу, көк жашык, дүмбүл, чайлоо, күрпөң, зымырык куш, экчелбөө, түп казанак, шакшак, көк баш, шынаа, каймал, таш уйку, кызыл кереге кылуу, кеп жыгач, асилдүү чилки жүгөрү ж.б. сөздөрдү окуп, алардын маанисин изилдеп, сөздүк коруна жаңы сөздөрдү кошушат.

Окуу китебинде (авторлору Б. Алымов, А. Муратов) [3] окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүп, алардын кеп маданиятын жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй тапшырмалар берилет.

**Таблица 2 - Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестиндеги тилдик салыштыруулар менен жүргүзүлүүчү иштер**

| салыштыруулар | окшотулган нерсе | окшош нерсе | алардын уюштурулушу |
|---|---|---|---|
| сары барпы чымчыктай | | | |
| тайлактай боздоп күңгүрөө | | | |
| армандуу чымчыктай чулдуроо | | | |
| боздогон каймалдын көмөкөйүндөй күңгүр чалуу | | | |
| боздогон ингендей мойнун созуу | | | |
| тамыры кыркылган чөптөй кууроо ж.б. | | | |

Окуучулар текстти кайрадан дыкат коюп окуп бул жерде эмнелер эмнеге салыштырылып жаткандыгын жана аларды ортосунда кандай жакындык (окшоштук) бар экендигин таап чыгат. Ушул сөз айкаштарынан салыштыруулар кандайча уюштурулганын (бул жерде – *дай* мүчөсү) айтып берет.

**Таблица 3 - Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестиндеги фразеологиялык түрмөктөрдүн маанисин чечмелөө таблицасын толтуруу**

| фразеологиялык түрмөктөр | маанилери |
|---|---|
| суусарга таш капкан коюп жүргөн битир аңчы | |
| солуктаган ыйга ыкташ | |
| чучук сыздаткан өкүнүчкө жакын | |
| кыямат жүзүн көрүү | |
| атаңа наалат | |
| ак эткенден так этүү | |
| дүйнөдөн учуу | |

Маанилери: суусарга таш капкан коюп жүргөн битир аңчы – өтө кылдат, өзгөчө сак аңчы-капканчы

солуктаган ыйга ыкташ – ыйлоо, көпкө басылбай ыйлай берүү, ыйга жакын адам

чучук сыздаткан өкүнүчкө жакын – өтө эле өкүнчүтүү, кайгылуу, жан чыдатпас кайгы

кыямат жүзүн көрүү – аябай кыйналуу, өтө кыйынчылык тартуу, азаптануу

атаңа наалат – каргыш айтуу, жектөө, каргоо

ак эткенден так этүү – чыдамсыздана күтүү, сабыр кыла албай күтүнүү

дүйнөдөн учуу – каза болуу, ажалы жетүү, жаздым болуу, оо дүйнө кетүү ж.б.

**Таблица 4 - Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестиндеги фразеологиялык түрмөктөр менен иштөө тапшырмасы**

| Фразеологиялар | Фразеологиянын мааниси | Ушуга окшош фразеологиялар | Эмне максатта, ким тарабынан колдонулду? |
|---|---|---|---|
| ушак сөзгө чалынбоо ж.б. | | | |

**Таблица 5 - Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестиндеги фразеологиялык түрмөктөрдү окуучулардын таап келүүсү**

| Фразеология-лар | Фразеологиянын мааниси | Ушуга окшош фразеологиялар | Эмне максатта, ким тарабынан колдонулду? |
|---|---|---|---|
| Ар түптү үч те-геренип кетмен уруу | Катуу иштөө, түйшүктүү иш | Жан-алы калбай иштөө | Базылдын огород иштеткени тууралуу автордун сөзү |
| Соксоюп отуруу | Ордунан жылбай бир орунда отуруу | Каккан казыктай | Базыл тууралуу автордун ба-яндоосу |
| Карыш жылбоо | Ордунан жылбай бир орунда отуруу | Аркандаган аттай | Базыл тууралуу автордун ба-яндоосу |
| Алдыңа кетейин | Жакшы көрүү, аёо, боор ооруу | Кагылып кетейин, садага болоюн | Асылбекке апасынын айткан сөзү |
| Пешенеден сылоо | Эркелетүү, жакшы көрүү | Көкүлүн жыттоо | Асылбекке апасынын мами-лесин автор баяндап жатат |
| Үрөйү учуу | Коркуу | Селт этүү, жүрөгү түшүү | Асылбекке апасынын мами-лесин автор баяндап жатат |

Ушундай жолдор менен тексттин лексикалык, фразелогиялык байлыктарын талдоо окуучулардын эне тилдеги сөз корун үйрөнүүсүнө, тил маданиятын жогорулатуусуна стимул түзүп берет.

Мына ушул сыяктуу кеп менен иш-төө методдору ар тараптуу жана му-галимдин чыгармачылыгына байла-ныштуу. Алар ар дайым жаңыланып, өзгөрүп, сабактагы кырдаалга, темага, чыгарманынын авторунун тилдик че-берчилигине байланыштуу өркүндөп турат.

Адабий көркөм чыгарманы окутуу процессинде мугалим менен окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү төмөнкүдөй методдорго бурулса, натыйжа кыйла оптималдуу болот.

**Таблица 6. - Мугалимдин окуучунун кеп маданиятын өстүрүү багытындагы негизги иштөө усулдары (методдору)**

| Текстти жалпы талдоо усулдары | Окуучунун жеке өзүнүн кеп түзүү ишмердүүлүгү | Башка бирөөлөрдүн даяр кебин түзөтүү, жакшыр-туу (редакциялоо) жумуш-тары |
|---|---|---|
| тексти логикалык жактан анализдөө; текстин компози-циялык түзүлүшүн талдоо; | мугалим сунуш кылган түйүндүү сөздөрдү пайдала-нып кеп түзүү; | өзүнүн мурда жазган тек-стин кайра түзөтүү; клас-сташтырынын жазгандарын редакциялоо; |
| тексттин жалпы ырааттуу-лугун баалоо; | тексттин негизинде баяндама жазуу; | китептин тексттерин редак-циялоо; |

| | | |
|---|---|---|
| аудио текстти талдап баа берүү;<br>эссе, дил баян ж.б. окуучулардын жазма иштерин талдоо;<br>классташтарынын сүйлөө кебин баалоо;<br>телевидение тексттерин талдоо;<br>интернеттеги тексттерге баа берүү ж.б.<br>(бул тапшырмалар жазуу жана оозеки формаларда жүргүзүлөт) | мугалимдин суроолоруна жооп даярдоо;<br>окуучулардын бири-бири менен баарлашуусу;<br>диалог кеп жана монолог кеп түзүү;<br>чыгарманынын финалынан кийин дагы кошумчалоо;<br>чыгарма тууралуу пикир айтуу ж.б.<br>(бул тапшырмалар жазуу жана оозеки формаларда жүргүзүлөт) | тексттин орфографиялык каталарын түзөтүү;<br>тексттин пунктуациялык каталарын түзөтүү;<br>тексттин стилдик каталарын түзөтүү;<br>диктордун сөздөрүн түзөтүп туруу;<br>мугалимдердин оозеки кебин редакциялоо ж.б.<br>(бул тапшырмалар жазуу жана оозеки формаларда жүргүзүлөт) |

Бул ыкмалардын ар биринин өзүнчө кызматтары жана артыкчылыктары бар, мисалы, окуучунун жеке өзүнүн кеп түзүү ишмердүүлүгүндө окуучу сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү кураштырып жатып төмөнкүлөргө жетишет:

● ар бир сөздүн маанисин дагы жакшы түшүнөт;

● сүйлөмдөгү сөздүн ордун туура табат;

● текстти кандай сөз, кандай сүйлөм менен баштоо ылайык болорун;

● текстти кандай сөз, кандай сүйлөм менен бүтүрүү ылайык болорун;

● синонимдерди колдонуунун маанисин;

● антонимдерди колдонуунун маанисин;

● фразелогизмдерди колдонуунун маанисин;

● тексттеги тыныш белгилердин функцияларын;

● көркөм сөз каражаттарын колдонуунун зарылдыгын ж.б.

Башка бирөөлөрдүн даяр кебин түзөтүү, жакшыртуу (редакциялоо) жумуштарын аткарууда окуучу:

● өзүнүн кеп маданиятын башкалардыкы менен салыштыра билет;

● ар бир тексттин салмагын, наркын аңдайт;

● тексттеги туура эмес же анчалык кондициясына жетпей калган ойлорду табат;

● грамматикалык жана стилдик каталарды аныктайт;

● бөтөн тексттерден өзү текст түзүү, кеп маданиятын калыптоо компетенттүүлүгүн өздөштүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын байланыштуу кебин, сүйлөө жана жазуу компетенттүүлүктөрүн өстүрүү мугалим тарабынан ылайыктуу жана оптималдуу методдорду тандоо жана аларды өз убагында чыгармачылык менен колдонуу менен байланышат.

**Адабияттар**

1. Алымов Б. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 7-классы үчүн хрестоматия окуу китеби. 1-бас. [Текст] / Б.Алымов, А.Муратов. – Б.: Педагогика, 2000. – 296-314-бб. 400 б. https://kitep.edu.gov.kg/kg/view

2. Эшиев А.М. Кептин функционалдык-маанилик түрлөрүн үйрөтүү процессинде окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикасы (VI-VII класстар) [Текст]: пед. илим. канд. дис. автореф. 13.00.02 / А.М.Эшиев. – Б.: 1996. – 19 б.

3. Мусаева В. И. Орто мектепте кептин стилдерин окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өркүнд. илимий-методикалык негиздери [Текст]: дис. ...пед. илим. канд.: 13.00.02. /В.И.Мусаева. – Б.: 2008. – 23 б.

4. Закиров С. Кыргыз санжырасы [Текст] / С.Закиров. – Б.: КЭ, 1996. – 430б.
5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] /А.Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.
6. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери [Текст] / С.Ж.Мусаев. – Бишкек, 1993. – 165 б.
7. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / А.Муратов, К.Акматов. – Б.: 2021. – 568 б.
8. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 2-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 344 б.
9. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 2-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2014. – 344 б
10. Чудинова В.П. Чтение детей и подростков в России: проблемы и перспективы [Текст] / В.П.Чудинов //Школьная библиотека. – 2003. – №8, 46-53-б.